УДК: 378.14.014.13
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-352-358

**Абдылдаева Н.У.**
Стартап борборунун жетекчиси
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
startup.centre.arabaev@gmail.com
**Абдурасулова Т.**
“Энактас КМУ” командасынын мүчөсү
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Кокобаева Ж.Ж.**
“Энактас КМУ” командасынын бизнес эдвайзери
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# ЖАШТАРДЫН ИШКЕРДИК ЖӨНДӨМДӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ “ӨНӨР ЮНИОН” ДОЛБООРУНУН РОЛУ

**Аннотация.** Макала университеттердеги жакында эле түптөлгөн бизнес-инкубаторлар студенттердин ишкердик компетенцияларын өнүктүрүүгө тийгизген таасирин карайт. Инновацияларга жана туруктуу өнүгүүгө багытталган азыркы экономика шартында университеттик бизнес-инкубаторлор билим берүү тутумунун ажырагыс элементине айланып, теориялык билим менен практикалык көндүмдөрдүн ортосунда көпүрө түзүүдө. Стартап борбору студенттерге стартап-долбоорлорду ишке ашыруу үчүн зарыл ресурстарды колдоону, жана анын ичинде консультацияларды, окутуучу программаларды, ментордук колдоону сунуштайт. И.Арабаев атындагы КМУнун “Стартап борбору” аркылуу ишке ашырылган студенттердин “Өнөр Юнион" долбоорунун ишке ашырылуусу боюнча маалыматтар берилет. Долбоордун актуалдуулугу бир убакта бир нече социалдык жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүү мүмкүнчүлүгүндө жатат. Долбоордун негизги багыты, бул муктаж адамдарга каржылык абалын жакшыртууга жардам берүү менен катар айлана-чөйрөнү коргоого өбөлгө түзүү. Бул максатка жетүү үчүн экологиялык жактан таза жана кайра иштетилген материалдарды өндүрүш процессинде пайдалануу каралган. Долбоор толугу менен "жашыл экономиканын" принциптерине шайкеш келет, анткени анын негизги максаттары экологияга терс таасирди азайтуу, калдыктарды кыскартуу жана кайра иштетилген материалдарды өндүрүштө колдонуу болуп эсептелет. Бардык продукциялар экологиялык таза жана экинчи ирет колдонууга мүмкүн болгон материалдардан даярдалып, калдыктардын көлөмүн азайтууга жана жабык циклдүү экономиканын концепциясын колдоого шарт түзөт.

**Негизги сөздөр:** долбоор, стартап, бизнес-инкубатор, социалдык, экология, көйгөй, жашыл экономика, калдыктар, калдыктарды кайра иштетүү, жаштар, кары-картандар, муктаж адамдар.

**Абдылдаева Н.У.**
Руководитель Стартап центра
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишкек

**Абурасулова Т.**
Участник команды “Энактас КГУ”
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишек
**Кокобаева Ж.Ж.**
Бизнес эдвайзер команды “Энактас КГУ”
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишек

## РОЛЬ ПРОЕКТА “ОНОР ЮНИОН” В РАЗВИТИИ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКИХ НАВЫКОВ МОЛОДЕЖИ

**Аннотация.** Статья рассматривает значение бизнес-инкубаторов в университетской среде и их влияние на формирование предпринимательских компетенций у студентов. В современных условиях экономики, ориентированной на инновации и устойчивое развитие, университетские бизнес-инкубаторы становятся неотъемлемым элементом образовательной системы, обеспечивая связь между теоретическими знаниями и практическими навыками. Такие структуры предоставляют студентам необходимые ресурсы и поддержку для реализации стартап-проектов, включая консультации, обучающие программы и менторское сопровождение. Статья также раскрывает проект студентов КГУ им. И.Арабаева "Онор Юнион" и его способности решать несколько социальных и экологических проблем одновременно. Проект направлен на помощь людям, нуждающимся в улучшении финансового положения, а также способствует защите окружающей среды через использование экологически чистых и переработанных материалов в производстве изделий. Проект полностью соответствует принципам "зеленой экономики", так как его основные цели, это снижение воздействия на экологию, сокращение отходов и использование переработанных материалов в производственном процессе. Вся продукция будет сделана из экологически чистых и вторичных материалов, что позволит уменьшить количество отходов и поддержать концепцию экономики замкнутого цикла.

**Ключевые слова:** проект, стартап, бизнес-инкубатор, социальное, экология, проблема, зеленая экономика, мусор, переработка, молодежь, пожилые люди, нуждающиеся люди.

**Abdyldaeva N.U.**
Head of the Startup Center
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Abdurasulova T.**
Team Member of “Enactus KSU”
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Kokobaeva J.J.**
Business Advisor of the “Enactus KSU” Team
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

# THE ROLE OF THE "ONOR UNION" PROJECT IN THE DEVELOPMENT OF YOUTH ENTREPRENEURIAL SKILLS

**Abstract.** The article examines the role of business incubators within the university environment and their impact on the development of students' entrepreneurial competencies. In the context of a modern economy oriented toward innovation and sustainable development, university-based business incubators have become an integral component of the educational system, bridging the gap between theoretical knowledge and practical skills. These structures provide students with essential resources and support for the implementation of startup projects, including consulting services, training programs, and mentorship. The article further explores the student project *"Onor Union"* at I. Arabaev Kyrgyz State University, which demonstrates the capacity to address multiple social and environmental challenges simultaneously. The project aims to support individuals in improving their financial well-being while contributing to environmental protection through the use of eco-friendly and recycled materials in product manufacturing. Aligned with the principles of the "green economy," the initiative prioritizes reducing environmental impact, minimizing waste, and promoting the use of recycled resources in production processes. All products are designed from environmentally safe and secondary materials, thereby reducing waste generation and fostering the concept of a circular economy.

**Keywords:** project, startup, business incubator, social, ecology, problem, green economy, waste, recycling, youth, elderly, people in need.

## Киришүү

Азыркы инновацияларга жана туруктуу өнүгүүгө багытталган экономика шартында университеттик бизнес-инкубаторлор билим берүү чөйрөсүнүн ажырагыс бөлүгүнө айланып, теориялык билим менен практикалык көндүмдөрдүн ортосундагы көпүрө болуп кызмат кылууда. Бизнес-инкубаторлор студенттерге стартап-идеяларын ишке ашырууга зарыл болгон ресурстарды колдоону, жана анын ичинде консультацияларды, окутууну жана менторлукту сунуштайт. Алардын ишмердүүлүгү студенттердин кесиптик даярдыгынын сапатын жогорулатуу гана эмес, жаңы жумуш орундарын түзүүгө, региондук ишкердикти өнүктүрүүгө жана жогорку окуу жайлары менен өндүрүш тармагынын ортосундагы байланышты чыңдоого өбөлгө түзөт. Мындан тышкары, университеттердин базасында ийгиликтүү ишке ашырылган стартап долбоорлор окуу жайларынын академиялык аброюн жогорулатууга жана тышкы каржылоону тартууга шарт түзөт [3, 481 б.].

И. Арабаев атындагы КМУнун Стартап борбору (мындан ары – Стартап борбор) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 18-майындагы № 925/1 «Билим берүү уюмдарынын бизнес-инкубатору тууралуу типтик жобону бекитүү жөнүндө» буйругунун негизинде түзүлгөн. Анын негизги максаты, ар бир студенттин социалдык ийгилигин камсыздоого багытталган инновациялык билим берүү чөйрөсүн түзүү жана чыгармачыл өнүгүүнү шарттоо деп белгиленген [1].

Стартап борбордун башкы милдети, бул студенттерди долбоордук идеяларды өнүктүрүү жана ишке ашыруу боюнча чыныгы технологияларга үйрөтүп, анын натыйжасында экономикалык пайда алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу болуп эсептелет. Белгиленген максаттарды ишке ашыруу үчүн университеттин ар бир түзүмүнөн жооптуу өкүлдөр бекитилип, алар студенттер менен биргеликте иш алып барышат [10]. Ошондой эле, Стартап борбор өз ишмердигинин алкагында "Enactus Кыргызстан" коомдук бирикме менен

кызматташып келет, бул кызматташтыктын негизинде 2022-жылдын 2-ноябрында “Enactus КМУ” командасы түзүлгөн. Ушул күндөн тартып команда жаштар ишкердигин өнүктүрүүгө, коомдогу социалдык жана экономикалык көйгөйлөрдү туруктуу инновациялардын негизинде чечүүгө багытталган ишмердигин ишке ашырып келишет [4, 175 б.].

**“Enactus КМУ” командасы иштеп чыккан “Өнөр Юнион" долбоору жарандарынын социалдык турмушундагы төмөнкү аспектилерди чечүүгө багытталат:**

1. **Бенефициарлардын каржылык абалын жакшыртуу. До**лбоордун негизги багыты, бул кол өнөрчүлөрдү, апаларды жана үй кожойкелерин колдоо, анткени алардын көпчүлүгүндө эмгектенүү мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Долбоор аркылуу алар өздөрүнүн ишкердик ишмердигин жүргүзүүгө, кошумча киреше табууга, өзүн жана үй-бүлөсүн камсыз кылууга шарт түзөт. Долбоор алкагында иш алып барган кол өнөрчүлөрдү бизнес жүргүзүү, сатууну уюштуруу жана продукцияны илгерилетүү сыяктуу көндүмдөргө үйрөтүү аркылуу алардын экономикалык көз карандысыздыгына өбөлгө болот. Алардын көбү үчүн бул чыгармачылык потенциалын өнүктүрүп, өз эмгегин натыйжалуу жана кирешелүү кылууга мүмкүнчүлүк берет. Мындан тышкары, долбоор билим берүү ресурстарына, ментордук колдоого жана каржылык инструменттерге жетүүнү камсыз кылып, алардын бизнесинин туруктуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатат. Долбоорду И.Арабаев атындагы Исскуство жана дизайн институту колдоп келет. Студенттер өз алдынча жүргүзгөн иштерин (СРС) туруктуу түрдө долбоорлор аркылуу сатуу менен киреше табышат. Бул студенттер үчүн жакшы мүмкүнчүлүк болуп эсептелет. Теориялык билимди практикалык иштерде колдонуп, продукцияны сатуу аркылуу киреше алуу алар үчүн чоң стимул.
2. **Айлана-чөйрөнү коргоого салым кошуу.** Долбоор туруктуу өнүгүүнүн жана айлана-чөйрөнү коргоонун принциптерин активдүү колдойт. Ага катышкан кол өнөрчүлөр табигый жана кайра иштетилген материалдардан буюмдарды жасашат. Бул калдыктардын көлөмүн азайтып гана тим болбостон, экологиялык өндүрүштүн маанилүүлүгү жөнүндө коомчулукта маалымдуулукту жогорулатат. Пахта, зыгыр, жыгач сыяктуу табигый материалдарды жана экинчи ирет колдонулуучу сырьёну пайдалануу жаңы ресурстарга болгон суроо-талапты кыскартып, көмүр кычкыл газынын изин азайтууга жана экосистемаларды коргоого өбөлгө түзөт. Ошондой эле, кайра иштетилген материалдардан буюмдарды жасоо калдыктардын көлөмүн азайтууга жана ресурстарды рационалдуу пайдаланууга жардам берет.

**Жыйынтыктап айтканда, “Өнөр Юнион" долбоору адамдардын каржылык абалын жакшыртууга гана эмес, экологиялык жоопкерчиликке да салым кошуп, туруктуу өндүрүш жана керектөөнүн принциптерин колдойт. Натыйжада, долбоор социалдык жана экологиялык өнүгүү үчүн маанилүү инструментке айланып, заманбап дүйнөнүн чакырыктарына жооп берип, адамдарга да, планетага да пайдалуу чечимдерди сунуш кылат.**

### Долбоордун ишмердигин талдоо

“Өнөр Юнион" долбоору И.Арабаев атындагы КМУнун Стартап борбору аркылуу университеттин ресурстарына жетүү мүмкүнчүлүгүн алган. Бул жетишкендик стартап-долбоорлорду ишке ашыруу үчүн бизнес-тренингдерди уюштурууда эл аралык уюмдарды, коомдук бирикмелерди, фонддорду, ошондой эле жеке эксперттерди жана тренерлерди тартууга өбөлгө түзгөн. Мындай колдоо социалдык багыттагы долбоордун ишке ашуусуна түрткү берип, 2023-жылдын биринчи чейрегинен тартып практикалык ишмердик башталган. Бүгүнкү күндө долбоор үзгүлтүксүз негизде ар кандай иш-чараларды өткөрүп келет. Стартап борбору долбоордун негизги өнөктөшү катары иш алып барып, университеттин расмий

сайтына, социалдык тармактардагы баракчаларына жана ар кандай иш-чараларды өткөрүү үчүн (жарманкелер, тренингдер, мастер-класстар) атайын аянтчаларга жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылып келет.

Долбоордун алкагында стартаперлер тигүүчү цехтен алынган кездемелердин, жиптердин, тисмалардын калдыктарын алып бенефициарларга тапшырып турушат. Негизи мындай калдыктар таштандыга ыргытылат, бирок студенттердин демилгеси менен буларга экинчи өмүр берилмей болду. “Өнөр Юнион" долбоордун негизги критерийлеринин бири катары калдыктарды кайра иштетүү жана ресурстарды экологиялык жоопкерчилик менен пайдалануу болуп саналгандыктан кездеменин калдыктарынан, экси буюмдардан жаңы буюмдарды жасап, аларды бенефициарлардын киреше булагына гана айлантпастан, жаңы идеялардын булагы да болуп берерине ишенишет. Өнөр юнион долбоору социалдык жана экологиялык максаттарды бириктирип, коомчулукка оң таасир жараттуучу долбоор боло алат [9].

“Өнөр юнион” долбоорунун бенефициарлары кеңейтүлүүгө стартаперлер тарабынан кадам ташталып мектеп окуучулары менен кызматташуу планга киргизилди. Өлкөбүздөгү орто мектептердеги акыркы окуяларды эске алганда, жаштар үчүн позитивдүү жана өнүгүүгө багытталган чөйрө түзүү актуалдуу. Ушуга байланыштуу стартаперлер Бишкек шаарынын жаңы конуштарындагы мектептер менен кызматташууга кадам ташташты. Кызматташуунун максаты – Өнөр юнион долбоорунун бенефициарларын кеңейтип, окуучуларга ишкердик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берүү.

Кызматташтыктын алкагында 2024-2025-окуу жылы төмөнкү иш-чаралар уюштурулду:

1. Тренинг: «Жеке мамиле аркылуу ишкердикке алгачкы кадам»;
2. Мастер-класс: Колдо бар материалдар менен эч кандай чыгымсыз кол өнөрчүлүк буюмдарын жасоо;
3. Презентация: Университет, Enactus Кыргызстан жана Enactus КМУ командасы менен кызматташуунун мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат берүү.

Бул долбоорду ишке ашырууда команданын аткаруучу кеңеши демилгечи болуп, ар бир мүчө белгилүү бир мектептин окуучуларына менторлук кылууда. Мындай ыкма команда мүчөлөрүн жигердүү иштөөгө шыктандырып, ич ара позитивдүү ой жүгүртүү, өзүнө болгон ишеним жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө умтулуу сыяктуу сапаттарды калыптандыра алат деген ишеним бар. Мектеп окуучуларына жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, аларга туура жол тандоого жардам берүү “Өнөр юнион” долбоору аркылуу аракетенүү максаты ишке ашырыла башталды [8].

Комплекстүү ресурстук жана уюштуруучулук колдоо бенефициарларга ишкердик көндүмдөрүн өздөштүрүүгө, рынокто өз ордун табууга жана туруктуу киреше булагына ээ болууга шарт түзөт. Мунун натыйжасында долбоор катышуучулардын финансылык көз карандысыздыгын камсыздоого көмөкчү болуп, социалдык-экономикалык өнүгүүгө өз салымын кошот деп ишенебиз.

**Стартаперлер тарабынан аталган долбоордун алкагында уюштурулган жарманкелер:** 1. «Азия Фест» иш-чарасы – 2025-жылдын май майрамдарында өткөрүлгөн. Бул жарманке стартаперлерге өз продукциясын таанытуу, сатууну уюштуруу жана коомчулук менен түз байланыш түзүү мүмкүнчүлүгүн берди [7]. 2.Университеттин колдоосу менен майрамдык жарманкелер уюштурулуп турат [6].

**Корутунду**

"Өнөр Юнион" долбоору студенттик демилгелердин негизинде социалдык ишкердиктин ийгиликтүү моделин түзгөндүгү аныкталды. Долбоор ресурстарды рационалдуу пайдалануу, тигүүчү цехтерден чыккан калдыктарды кайра иштетүү жана экологиялык жоопкерчилик сыяктуу багыттарды камтып, коомго социалдык жана экологиялык пайда алып келүүдө.

Изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, мектеп окуучуларын долбоорго тартуу алардын ишкердик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, позитивдүү ой жүгүртүүнү жана социалдык активдүүлүктү калыптандырууга өбөлгө түзөт. Бул демилге жаштар арасында социалдык жана экономикалык өнүгүү үчүн туруктуу механизм катары маанилүү экенин көрсөттү.

Практикалык мааниси боюнча, долбоор катышуучуларга финансылык көз карандысыздыкка жетүүгө, өз продукциясын таанытууга жана рынокто өз ордун табууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой эле, долбоор командалык иш, лидерлик жана менторлук көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн мисал болуп берет.

Келечектеги изилдөөлөр үчүн сунуштар:

1. Долбоордун масштабын кеңейтүү жана башка университеттер менен кызматташуу аркылуу социалдык таасирин күчөтүү;
2. Мамлекеттик жана жеке сектор менен биргеликте инновациялык программаларды ишке ашыруу;
3. Жаштардын экологиялык жана социалдык демилгелерин колдоо боюнча изилдөө жүргүзүү.

Жыйынтыктап айтканда, "Өнөр Юнион" долбоору социалдык жана экологиялык инновациялардын айкалышы катары студенттик стартаптардын коомго пайдалуу таасирин далилдеп, келечектеги ишкердик демилгелерге үлгү болуп кызмат кылат.

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ

### Ченемдик укуктук актылар


1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 18-майында № 925/1 буйругу менен Билим берүү уюмунун бизнес-инкубатору жөнүндө Типтүү жобо [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/30-164/edition/6414/ru – Загл. с экрана.
2. И.Арабаев атындагы КМУнун Уставы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 27-мартындагы № 1098/1 буйругу менен бекиген [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://arabaevksu.edu.kg/public/downloads/ ustav_kgu_arabaeva.pdf – Загл. с экрана.


### Адабияттар тизмеси


3. Абдраимова, Б. К. Бизнес-инкубаторы и предпринимательское образование в вузах: необходимость комплексного подхода / Б. К. Абдраимова, Н. У. Абдылдаева // Бюллетень науки и практики. – 2025. – Т. 11, № 7. – С. 481-487. – DOI 10.33619/2414-2948/116/69. – EDN IHOXDR.
4. Командная работа как фактор успеха студенческих стартапов: кейс Энактас КГУ / Н. У. Абдылдаева, А. Кадырбекова, Г. Нарбаева, М. Алымбекова // Вестник Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. – 2025. – № 1/1. – С. 173-181. – DOI 10.33514/1694-7851-2025-1/1-173-181. – EDN NRCARQ.
5. Принципы академической добросовестности и правовые механизмы их обеспечения в вузах / Н. У. Абдылдаева, А. Маматиса Кызы, А. Тиленова, К. К. Сарымсаков // Вестник

Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. – 2025. – № 1/1. – С. 181-189. – DOI 10.33514/1694-7851-2025-1/1-181-189. – EDN AQRIYI.

**Интернет ресурстар**

6. И. Арабаев атындагы КМУнун Стартап борборунун Өнөр юнион долбоорунун алкагындагы иш-чара [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://arabaevksu.edu.kg/news/kmunun-startap-borboru-zhana-enaktas-kmu-komandasy-n-r-yunion-dolboorunun-alkagynda-zharmanke-uyushturat
7. **«Азия Фест» иш-чарасы** – 2025-жылдын май айындагы майрамдарга карата уюштурулган иш-чара. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.facebook.com/startup.centre.arabaev?locale=ru_RU
8. Өнөр юнион долбооруна жаны бенефициарлар – мектеп окуучулары тартылууда [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.facebook.com/startup.centre.arabaev?locale=ru_RU
9. “Өнөр Юнион" долбоору Үмүт үйү менен тыгыз кызматташууда [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.facebook.com/startup.centre.arabaev?locale=ru_RU
10. И.Арабаев атындагы КМУнун Стартап борбору [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://arabaevksu.edu.kg/category/i-arabaev-atyndagy-kmunun-startap-borboru-86

**Рецензент: саясий илимдин кандидаты, доцент Мусуралиева М.М.**